*제24-2호*, 2004, 237-252.

14. 정연희, *한국어 보조동사 구성 -어 보다의 의미 변화와 문법화*, 담화인지언어학회 24, 2017, 53-75.

15. 홍달오, *보조동사 의미의 인지언어학적 분석 버리다, 치우다, 내다 구성을 중심으로*, 담화인지언어학회 22(3), 2015, 99-123.

16. Исеналиева Н.А., Кулманбетова Н.Ж., Чотиева М.Д. Современные образовательные технологии преподавания иностранного языка // Вестник КНУ, 2023, №2 (114), с.157-161.

УДК 82 (371. 39)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-74-81

**Тилекова Н.Д.**
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-өзбек эл аралык университети
**Тилекова Н.Д.**
Кыргызско-Узбекский международный университет имени Б. Сыдыкова
**Tilekova N.D.**
Kyrgyz-Uzbek InternationalUniversity named after B. Sydykov

# Т.КАСЫМБЕКОВДУН «СЫНГАН КЫЛЫЧ» РОМАНЫНЫН СЮЖЕТТИК ӨЗӨК ОКУЯЛАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ
# ТЕХНОЛОГИИ ИНТЕГРАЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ ОСНОВНЫХ СЮЖЕТНЫХ СОБЫТИЙ РОМАНА Т.КАСЫМБЕКОВА «СЛОМАННЫЙ МЕЧ»
# TECHNOLOGIES OF INTEGRATION TRAINING OF THE MAIN PLOT EVENTS OF T. KASYMBEKOV'S NOVEL «THE BROKEN SWORD»

**Кыскача мүнөздөмө:** Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин он биринчи класстарында жазуучу Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” тарыхый романын окутуунун илимий-педагогикалык технологиялары интеграцияланган сабак-лекциянын мисалында сунуш кылынды. Макаланын автору мында адабият сабактарын уюштурууда мугалимдерге зарыл болгон методикалардын теориясы менен практикасын сунуш кылат. Ошондой эле макалада адабият мугалиминин “Сынган кылыч” романынын окутуудагы колдонуучу усулдары жана сабакты актуалдаштыруу кандай болуусу керек? деген маселелерге токтолуп, кенири тараган усулдар боюнча талданат. Изилдөөнүн жыйынтыгында Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” тарыхый романын окутууда инновациялык технологияларды пайдануунун, интеграциялап окутуунун жардамы чыгармачылык процесске айлантып берүүчү чоң потенциал экени далилденди.

**Аннотация:** Научно-педагогические технологии преподавания исторического романа Т. Касымбекова “Сломанный меч” в одиннадцатых классах с кыргызским языком обучения общеобразовательных школ Кыргызской Республики были представлены на примере интегрированного урока-лекции. Автор статьи предлагает теорию и практику методик, необходимых учителям при организации уроков литературы. В статье уделяется внимание

методам, используемым учителем литературы при изучении романа «Сломанный меч», рассматривается, как актуализировать урок, анализируются наиболее распространенные методики. Доказано, что использование инновационных технологий, интегрированного обучения при преподавании исторического романа Т. Касымбекова «Сломанный меч» является отличным способом превратить его в творческий процесс.

**Abstract:** Scientific and pedagogical technologies of teaching T. Kasymbekov's historical novel “The Broken Sword” in the eleventh grades with the Kyrgyz language of instruction in secondary schools of the Kyrgyz Republic were presented on the example of an integrated lesson-lecture. The author of the article suggests the theory and practice of the techniques necessary for teachers in organizing literature lessons. The article also focuses on the methods used by the literature teacher when studying the novel "The Broken Sword" and how to update the lesson, analyzed by the most common methods. As a result of the research, it is proved that the use of innovative technologies in teaching, integrated learning when teaching T. Kasymbekov's historical novel "The Broken Sword" is an excellent way to turn it into a creative process.

**Негизги сөздөр:** тарыхый роман; сюжеттик өзөк окуялар; окутуунун репродуктивдүү ыкмасы; сөз өстүрүү усулу; көрсөтмөлүүлүк; проблемалык кырдаал; эвристикалык метод.

**Ключевые слова:** исторический роман; ключевые события сюжета; репродуктивный метод обучения; метод развития речи; наглядность; проблемная ситуация; эвристический метод.

**Keywords:** historical novel; main plot events; reproductive method of teaching; method of speech development; visibility; problem situation; heuristic method.

**Киришүү.** Тарыхый роман жанрынын көрүнүктүү өкүлү Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романы кыргыз мектептеринде окутула баштаганына отуз жылдан ашты. Бул убакыт аралыгында аздыр-көптүр тажрыйба топтолуп калышы керек эле, тилекке каршы, романдын мектептердеги окуп-үйрөнүлүш абалы жакшы эмес. Салтка айланган супсак сөздөр менен романдын мазмунун кайталоо, айрым эпизоддорго учкай токтолуп, пикир алмашуу, андагы каармандардын оң же терс экенин белгилөө ж.б. Мындай штамп сабактардан мугалим өзү да, окуучулары да тажап калгандай.

Адабият мугалимдери белгилегендей, Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» тарыхый романы чынында эле сюжеттик, идеялык-тематикалык курулушу эң бир кыйчалыштуу, татаал чыгарма. Терең философиялуу маанай, эстетикалык эбегейсиз зор жүктү аркалап турушу аны өздөштүрүүнү кыйындатат жана чыгарманын ички маани-мазмунун, идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүгүн окуучулардын аң-сезимине жеткирүүдө чоң жоопкерчиликти талап кылат.

**Негизги бөлүм.** «Сынган кылыч» Т.Касымбековдун роман жазуудагы алгачкы тажрыйбасы, анын романчы катары биринчи чыгармасы болду. Эгер адабий коомчулук авторду мурда мыкты аңгемечи, повестчи катары таанышса, эми ал өзүн дасыккан романчы катары көрсөтө алды. Романды жазууда автор улуттук рамкадан чыгып, окуя бирде кыргыз жергесинде өтсө, бирде өзбек жергесиндеги Кокон ордосундагы окуялар баяндалат. Т.Касымбековдун тарыхый роман жанрынын классиги катары чебер калеми мында буга чейин дүйнө элине белгисиз кыргыз жергесин аалам борборуна айландырып, Сарыбай, Теңирбердиге окшогон жөнөкөй эмгек адамдарын жалпы Жер планетасындагы тирүүчүлүктүн таяныч-түркүгү сымал сүрөттөй алганынан улам көрүндү. Арийне, терең

философиялуулук, глобалдуулук маселелери сөзсүз эле улуттук рамкадан чыгуу, бөтөн эл-жерди чагылдыруу менен эле чечилип калбайт. Окуя жалаң кыргыз жергесинде өткөн күндө деле роман так азыркысындай нарк-баага татыры анык болучу.

Романды адеп окуп баштаганында, эгер окурман азыркы учурдун көңүл өйүткөн проблемаларынан кабарсыз болсо, түшүнүүгө кыйын, өздөштүрүүгө мүмкүн эместей туюлушу ыктымал. Мындай абал, тилекке каршы, жогоруда белгилегендей жеке эле өспүрүм, мектеп окуучуларынын мисалында эмес, алардын башкы жана негизги устаты, жогорку билимдүү адабият мугалимдеринин арасынан да көп кездешет.

Адабият мугалиминин «Сынган кылыч» романын окутуудагы колдонуучу усулдары жана сабакты актуалдаштыруу кандай болушу керек? Мугалимдер үчүн жазылган «Адабиятты орто мектепте окутуунун маселелери» (М.: Просвещение, 1985) деген китеп окутуу ишинин практикасында өтө кеңири таралган усулдары тууралуу сөз кылат. Алар төмөндөгүдөй:

I. Маалымдоонун булагына карата усулдар. Алар үчкө бөлүнөт: 1) сөз, 2) көрсөтмөлүүлүк, 3) практикалык усулдар. **Окутуунун сөз усулуна** баяндоо, лекция, аңгемелешүү кирет. Булар теориялык билимди өздөштүрүү, факт-маалыматтарын топтоо, логикалык ой жүгүртүүнү, эсти, сөз өстүрүүнү, таанып билдирүүчү кызыкчылыкты, жөндөмдү, эркти, эмоцияны өнүктүрүү ишинде өзгөчө натыйжалуу. **Окутуунун көрсөтмөлүү усулдарына** иллюстрация менен демонстрация кирет. Буга картина, иллюстрация, схема, таблицаларды колдонуу, пластинка, магнитофондук жазууларды уктуруу, диафильм, слайд жана кинофильмден фрагменттерди демонстрациялоо сыяктуу иштерди колдонууга болот. Ал эми **окутуунун практикалык усулуна** бардык оозеки жана жазуу көнүгүүлөрү, практика жүзүндөгү балдардын машыгууларын кошууга болот.

II. **Окуу информациясын өздөштүрүү логикасына карата усулдар**: 1) индуктивдик, 2) дедуктивдик болуп экиге бөлүнөт. Ал эми адабият сабагында көбүнчө индуктивдүү усул колдонулат. Окуучу текстти үйрөнөт, конкреттүү фактыларга байкоо жүргүзөт, ошондон соң гана ал ой жүгүртө алат, өз алдынча ой-корутундуларды чыгарат.

Дедуктивдик усулда мугалим тема боюнча жалпы мүнөздөмө берет, анан аны конкреттүү көркөм чыгармалардан алынган фрагменттер, жазуучунун өмүр баянынан алынган фактылар, адабий сын материалдар менен бекемдейт.

III. **Окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө жараша усулдар төрткө бөлүнөт.** 1) чыгармачылык менен окуу, 2) эвристикалык, 3) изилдөө, 4) репродуктивдүү. Адабиятты окутууда колдонулуучу мындай усулдарды М.Н. Скаткин менен И.Л. Лернердин классификациясына негиздене отуруп окумуштуу-методист Н.И. Кудряшев иштеп чыккан. Ал эми бул топтор профессор Ю. Бабанскийдин классификациясы боюнча эки бөлүккө: 1) репродуктивдик, 2) проблемалык изденүү усулу болуп бөлүнөт. Булардан башка адабиятты окутууда өз алдынча иштөө усулу бар. Буга класста жана класстан тышкары окулгандар бүт кирет. Демек, бала китеп, көркөм чыгарма, сын макала, окуу китеби менен өз алдынча иштей алышы керек. Окуучу көркөм текстти өзүнчө талдай алууга тийиш. Ал эми мугалимдин ушундай эмгекти уюштура билиши окуучулардын өз алдынчалыгын калыптандырат. Бирок кайсы усул болсо да окуучулардын китепкөйлүк ышкысын жандандырууга тийиш.

«Сынган кылыч» романын окутууда жогоруда аталган усулдардын негизинен баары эле колдонулат. Болгону ар бирин өтүлчү сабактын өзгөчөлүгүнө, иштин ыңгайына жараша пайдалана билүү зарыл.

Окутуудагы актуалдаштыруу (бул боюнча кең-кесири материалдарды М. Махмутовдун «Педагогика», 1981, «Современный урок» деген эмгегинен табууга болот) сабактын дидактикалык структурасы төмөндөгүдөй компоненттерден (же этаптардан) турат:

1. Окуучулардын мурда алган билимдерин, аракет-ыкмаларды актуалдаштыруу.

2. Жаңы түшүнүктөрдү, аракет-ыкмаларын калыптандыруу.

3. Билимди колдонуу аркылуу жөндөмдү жана машыккандыкты калыптандыруу.

Албетте, сабактын бул структурасы дайыма эле удаалаш жүргүзүл-бөйт. Ал мугалимдин максатына жараша өзгөртүлүшү мүмкүн. Ошондой эле сабактын типтерине (1-тип – жаңы материалды үйрөнүү, 2-тип – алган билимди, жөндөмдү өркүндөтүү, 3- тип – аралашма сабак, 4- тип – билимди жана жөндөмдү контролдоо – коррекциялоо) карата ылайыкташат.

Ал эми билимди, аракет-ыкмаларды актуалдаштыруу деген эмне? Актуалдаштыруу – керектүү учурдун өзүндө билимди актуалдуу кылуу, же болбосо, мурдагы эсте калган билимдерди, аракет-ыкмаларын жандандыруу, ойготуу, ошондой эле актуалдаштыруу окуучулардын психо-логиялык жактан даярдыгын жүзөгө ашырат: темага (проблемага) болгон кызыгууну ойготот, таасирдүүлүктү күчөтөт, ар бир окучууну жаңы мате-риалды кабыл алууга даярдайт. Актуалдаштыруу убагында окуучуларды суроо, бет ачар аңгеме, белгилүү нерсени кайталоо, мурда өздөштүрүлгөн билимди жаңы кырдаалга жараша түшүнүү, проблеманы жана проблемалык жагдайды түзүү аракетке кирет. Демек, жаңы материалды түшүнүүгө уютку болуп берүүчү таяныч билимдер актуалдаштырылат.

Мугалимдин «Сынган кылыч» романын окутуудагы негизги усулдук таянычтары – жалпы жонунан алганда мына ушулар.

Тарыхый романдын автору Төлөгөн Касымбековдун өмүрү, чыгармачылыгын жана «Сынган кылыч» романын XI класста окутууга учурда колдонууда турган адабият программасы 4 гана саат убакыт караган [1, 52-53-б.] Бул 4 сааттык окуу материалын сабак-сааттарга төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө болоор эле:

1. Т.Касымбековдун өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Сынган кылычтын» тарыхый роман катары ээлеген орду. Кыргыз элинин бир кылымга жакын тарыхын көркөм анализден өткөрүү. Кокон хандыгынын тушундагы карапайым элдин абалынын, сарбаздардын, бийлик төбөлдөрүнүн, ордо өкүлдөрүнүн жашоо тиричилигинин, салт-адаттарынын, руханий дүйнөлөрүнүн кеңири ачылышы – 1 саат.

2. Ордодогу бийлик оюндары, анын курмандыктары. Бийлик жана эл темасы. Романдагы окуяларга негиз болгон тарыхый-документалдык булактар. Россия аскеринин басып кириши үчүн түзүлгөн шарттар жана баскынчылык саясатынын ашкерелениши – 1 саат.

3. Романдагы каармандардын көптүгү жана алардын чыгармадагы биримдиги: Сарыбай, Айзада, Бекназар, Нүзүп, Мусулманкул, Исхак (Полотхан), Мадыл, Теңирберди, Абил бий, Шералы жана Кудаяр хан. Бул каармандардын мүнөздөмөсү жана көтөрүп турган эстетикалык, таалим-тарбиялык жүгү – 1 саат.

4. Каармандардын образын ачууда, тарыхый учурдун колоритин берүүдө Т. Касымбеков колдонгон көркөмдүк каражаттар. Чыгарманын тили». Тарыхый чыгарма жөнүндө түшүнүк – 1саат.

Жогорудагы бөлүштүрүүдөн ачык көрүнүп тургандай, «Сынган кылыч» романынын өзөк окуялары менен тааныштыруу, талдоо жумуштары 1- сабакта – тарыхый жазуунун

устаты, чебер сүрөткер Төлөгөн Касымбековдун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу лекция-баянга удаа эле (ошол сабакта) жүргүзүлүп баштайт.

Бул сабактардын адепки экөө репродуктивдүү усулдун жардамы менен жүргүзүлгөнү оң. Себеби, роман тууралуу жалпы түшүнүк берип, тереңиндеги көркөмдүк, философиялык баалуулуктарын баланын ой-сезимине өз нарк-кунунан түшүрбөй, толук жеткирүү үчүн мугалимдин адабиятчы катары эмнеге жөндөмдүү экени, билими талап кылынат. Кийинки сабактын натыйжалуулугу, кайтарымдуу болушу ушул лекция усулунун канчалык жемиштүү пайдаланылганынан түздөн-түз көз каранды.

Мында окуучулар билимди мугалимдин лекциясынан же анын кириш сөзнөн, окуу китебинен, колдонмолордон, илимий-популярдуу китептерден, сын макалалардан жана да башка булактардан даяр түрүндө алат. Бирок «репродуктивдүү усул – бул догматикалык өздөштүрүү эмес, окуучуларга тааныштырылган билим-маалыматтын өзүнүн өзгөчөүүі мүнөзү механикалык эстеп калууну эмес, аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүүнү талап кылат. Ошондой эле алынчу билимдин бекемдиги окуучулардын эске тута билүү жөндөмүнө гана эмес, ой-жүгүртүү ишмердүүлүктөрүнүн канчалык тез, жемиштүү аракетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө да түздөн-түз байланыштуу [2, 71-72-б.]. Окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн өсүп-өнүгүшүнө материалдын проблемалык негизде ортого салынышы көмөкчү болот.

Репродуктивдүү усулду колдонууда мугалим бул же тигил маалыматты айтуу менен чектелип калбайт, мында ал керектүү көндүмдөргө ээ болуунун жолдорун иш жүзүндө көрсөтөт. Мисалы, ал анча чоң эмес чыгарманы, же эпизодду, же каармандын мүнөзүн анализдөө үлгүсүн сунуш кылат, андан соң ушуга окшогон жумушту окуучуларына өз алдыларынча аткаруусун тапшырат [2, 73-б.]. Кыскасы, окуучулар «Сынган кылыч» романынын репродуктивдүү усулдун жардамы менен үйрөнүүдө жеке чыгарманын өзүн тереңдетип өздөштүрүү менен эле чектелбей, ар бир учур үчүн өзүнүн пикири, ой-корутундусу болуп, чыгарманы адабий туунду катары талдай билүү көндүмдөрүн иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн алышат. Демек, бул сабактар үчүн окутуу усулу катары репродуктивдүү усулдун тандалып алынышы эң бир туура жана мыйзамченемдүү.

Мугалимдин «Сынган кылыч» романы тууралуу кириш аңгемеси бо-лушунча чакан, кыска курулуп, бул ченелүү убакыт аралыгында чыгарманын жазылып, басылып чыгуу, аны жаратуудагы автордун берейин деген ою, адабий көркөм туунду катары нарк-куну, маани-мазмуну, көтөрүлгөн проблемалар тууралуу маалыматтар айтылат. Киришүү аңгемесинин өтүлүү зарылдыгына эч бир күмөн жаралбашы абзел. Себеби, ал окуучуну чыгарманын өзү менен алгач тааныштырат жана негизги материалды кабылдоого психологиялык, эмоционалдык жактан даярдайт. «Кириш баяндын натыйжалуу болушунун маанилүү шарттарынын бири – кыскалык жана мазмундуулук. Мындагы башкы максат тексттин өзүн үйрөнүү экенин мугалим эсинен чыгарбашы зарыл, ал эми кириш аңгеме сабактын негизги бөлүгүнө даярдык катары болушу керек. Мугалимдин кириш сөзү терең мазмундуулугу, өзүнүн көлөмү жана маалыматтарынын жыштыгы менен чыгарманын өзүн үйрөнүүгө залакасын тийгизбеши керек» [3, 43-б.].

Мугалимдин «Сынган кылыч» романы тууралуу киришүү баяны төмөндөгү материалдарды камтышы ыктымал:

Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» тарыхый романынын биринчи китеби 1966-жылы, экинчи китеби 1971-жылы жарыкка чыккан. Идеялык-тематикалык проблематикасы боюнча башкаларга окшобогон бул роман 1971-1983-жылдардагы партиялык пленумдарда

социалисттик идеологиянын куугунтугуна алынып, «...эки жолу тагдыры башка кылычтардын мизине коюлуп, эки жолу катуу чабуулга кабылып, эки жолу «сынып түшүп», эки жолу кайра бүтөлүп, эки жолу кайра ордуна келген» [4, 310-б.]. Көрсө, бул чыгарма мезгилинен эрте жаралган экен. Тулку боюна кыргыз улутунун элитардык маданиятын, улуттук дымагын, тарыхтан ээлеген ордун, рухий кудуретин, салт-санаасын, үмүт-мүдөөсүн сиңирген бул тарыхый роман 1998-жылы кайра басылды. «Сынган кылыч» романынын тагдыры кыргыз элинин улуттук эркиндиги менен тагдырлаш экендигине окурмандар дагы бир ирет ынанды көрүнөт. Бешинчи басылышында романдын сюжеттик окуялары дагы бир топ кошумчалар менен толукталган. Бул роман кыргыз элинин улуттук тарыхындагы өзүнчө бир доор – Кокон хандыгы мезгилиндеги элдин коомдук абалын көркөм сүрөттөгөн тарыхый роман. Чыгармада айрым коомдук өнүгүүнүн терең катмарларына жасалган тарыхый экскурстарды эске албаганда да, Алим хан такка олтурган 1801-жылдан Исках-Болот хан даргага асылган 1876-жылга чейинки 75 жыл ичиндеги элдин башынан өткөн окуялар чагылдырылган. Бир кылымга жакын бул убакытта элдин күрөшү, мүдөөсү, ойлоп тапкан амалы бир максатка багытталган. Ал – өз алдынча, көз карандысыз мамлекет куруу, улуттук намыстын туусун бийик кармоо, улуттук эркиндикти эңсөө. Жазуучу эркиндиктин, көз карандысыздыктын символу катары канаттуунун падышасы – бүркүттү тандаган. Элдин эркиндиги хандык тарабынан тушалып, журт кыйналган мезгилдин жеке көрүнүшү колунан бүркүтү учуп, кайра өзүнө кол салып, көзүн оё чокуган Сарыбай мүнүшкөрдүн трагедиясы аркылуу берилген. Жазуучу өзү тутунган бул идеяны ишке ашыруу үчүн Сарыбайдын трагедиясы менен гана чектелбейт. Жалаң салык салуу менен элди сокур Сарыбайдай жүдөтүп, карайлаткан Кокон хандыгын кулатуу үчүн болгон күрөштө эл ичинен суурулуп чыккан кол башчы Исках-Болот хан «Бүркүт план» түзөт. «Бүркүт план» менен элдик көтөрүлүштүн күчү көркөм сүрөттөлөт. Ошону менен бирге Исках колго түшөөр күнү кароол таштын үстүнө чыгып, өз «ааламын» тегерете тиктеп турганда кайдан-жайдан бүркүт учуп келет. Бүркүттөй эркиндикти эңсеген Исках-Болот мындай дейт: «Оо кайран баатырдыктын, бийиктиктин кырааны. Сөөлөтүн кара, келбетин кара...» «Баатыр куштун шаңшыганынан «Кел, кайран эр, учалы! Пастык, ыпластык жок жайларга, чагылгандуу кара булуттун нары үстү жайнап турган жарык күнгө чабыт кылалы. Жүр, кайран эр» – деген чакырык уккандай чөккөн көңүлү көтөрүлүп, эркиндикти самоо, тилөө, арзуу толгон жүрөгү лак-лак согот». Чебер сүрөткер Т.Касымбеков чыгармада жогорудагыдай эпизоддор аркылуу «Элдик турмуштун жан сырын» – негизги элдик мүдөөнү чагылдырган. Балким, кайра жаралган эгемендүү Кыргызстандын гербиндеги бүркүттүн сүрөтү эркиндик жөнүндөгү кылымдар бою калыптанган элдик түшүнүктөн улам орун алган чыгар…

Чыгарманын тарыхый роман катары кийинки муундарга берүүчү нравалык сабагы арбын. Анын кийинки 1998-жылкы кайра басылышында мурдагы «Сынган кылыч», «Келкел» романдарындагы түндүк–түштүк кыргызды бириктирүү идеясын чагылдырган Алымбек жана Курманжан даткалардын саясий ишмердүүлүгү тууралуу окуялар жөнүндөгү автордук ой дагы тереңдетилди. Улуттук биримдиктин зарылдыгы, анын куну чыгармада түбөлүккө баш кошуп мамлекеттин кичинекей бөлүкчөсү болгон бир үй-бүлө ээлери датка жубайлар Алымбек датка менен Курманжан датканын саясий ишмердүүлүгү аркылуу берилиши да (анын тарыхый негизи да чындык) символикалуу. Жазуучу түндүк-түштүк кыргыздардын ынтымагынын наркын жогорку чеберчиликте сүрөттөй алган. Романдын «Сынган кылыч» деп аталышы да бекеринен эмес. Окурманга белгилүү, чыгармада кылычка сыйынат, кылыч менен курмандык чалынат, кылыч менен адам башы кесилип, топтой томолонот, кылыч байланып сапарга аттанышат, кылыч белекке берилет. Бул жөнүндө жазуучу өзү мындай дейт: «Кыргыз элинде

«назарын сындырба», «шагын сындырба» деген сөз бар. Мындай сөз көбүнчө кичүү менен улуунун ортосундагы мамиледе көрүнөт. Улуу адам кичүү киши бир нерсеге умтулуп, үмүт кылганда ага камкордук кылып шагын сындырбоо керек. Ал эми бул роман – кыргыз рухунун тебелениши, улуттун өз жеринде өзүнүн кор болушу, саны аз улуттун көп сандуу улуттар тарабынан басмырланышы».

Анткен менен, «Сынган кылыч» – өзүнүн көркөм аянты, идеялык-тематикалык проблематикасы, образдар системасы, структуралык түзүлүшү жагынан татаал чыгарма. Анда тээ тарыхтын терең катмарында жаткан санжыраларга жасалган экскурстар менен бирге Алтынбешиктен тараган 13 муундун тагдыры, Ферганага бий болгон Теңирияр, андан туулган мыкты уул Нарбото бийдин улут үчүн болгон демилгеси, анын баласы Алим хандын Кокон хандыгына биринчи хан болуп шайланышы, XIX кылымдагы кыргыз элинин коомдук-саясий абалы, анын жашоо шарты, экономикасы, башка элдер менен болгон байланышы, маданияты, нарк-нускасы, дини, салт-санаасы эпикалык кеңири планда сүрөттөлөт.

Романда байыркы чыгыштын дидактикалык маанайдагы санат-насыят ырлары (Календердин ыры) элдик көркөм чыгармачылыктын өзгөчө түрү болгон кошоктор (Курманжан датканын кошогу), улуттун кайгы-кубанычын үч кылына сыйдырган комуз күүлөрү (Сарыбай черткен күүлөр) аркылуу лирикалык ой толгоолор чагылдырылган.

Улуттун тагдырына туш келген опурталдуу тарыхый шарттагы саясий карама-каршылыктардын жүзүн ачуу үчүн чебер прозаик Т. Касымбеков Шералини ак кийизге олтургузганда чалынган адам курмандыгынан баштап далай жүрөк титиреткен ички карама-каршылыктарды: Нүзүптүн башынын алынышы, Алымбектин башын кыя чабуу, кыпчактарды кыруу сценасы, Мусулманкулдун өлүмү, Болот-Искахтын дарга асылышы сыяктуу эпизоддордо драма жанрына таандык курч диалог, реплика, кайым айтышууларды кеңири пайдаланган.

Бала туулганда кулагына азан айтып ат коюудан баштап, адам дүйнө салганда аш берүү (Жаманкулдун ашы) салтына чейин улутка таандык каада салт, үрп-адат, атадан балага, энеден кызга калуучу азем буюмдар, кийген кийим, ичкен тамак тууралуу этнографиялык материалдар кеңири берилген.

**Жыйынтык.** «Сынган кылыч» романынын автордун өз чыгармачылыгынын жанрынын чегин кеңейтүүдөгү алган орду, андагы көтөрүлгөн проблемалар, сюжеттик курулуш өзгөчөлүгү жөнүндөгү материалдар кириш аңгемеге удаа айтылаары такталды. Мына ушундан кийин гана чыгарманын өзү, тексти менен тааныштыруу жумуштары башталааары белгиленди. Романдын негизги өзөк окуяларын жакындан, тереңдетип өздөштүрүүдө андагы сюжеттик линияларды кынтыксыз билүү окуучулардын ишин кыйла жеңилдетип, андан ары карай чыгарманын өзүн талдоого өтүүсү аныкталды. Романдын сюжеттик өзөк окуялары менен тааныштыруу сабагы тарых предмети менен интеграцияланганы талапка ылайыктуулугу, мугалим сабагында он тогузунчу кылымдагы тарыхый маалыматтарды кенири пайдалануусу сунуш кылынды.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин V-XI класстары үчүн. – Бишкек, 2011, 52-53-б.

2. Кудряшев Н.И. Методика обучения литературе // Методика преподавания литературы / Под.ред. З.Я. Рез. – Москва: Просвещение, 1977, 72-73-б.

3. Смирнов С.А. Методика литературного чтения. – Москва: Учпедгиз, 1950, 43-б.
4. Даутов К. Тарыхый романдын тагдыры // Мезгил сыны жана мен. – Бишкек: Бийиктик, 2004, 310-б.
5. Тилекова Н.Д. Классикалык чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн интеграциялап окутуу // Наука, новые технологии и инновации, 2015, №3, 199-203-б.
6. Тилекова Н.Д. Тарыхый темадагы драмалардыокутуунун заманбап технологиялары // Эл агартуу, 2022, №11-12, 2-5-б.
7. Чо Ха Ген, Карабалаева Г.Т. Азыркы мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн процессинде инновациялык мамилени колдонуу // Вестник КНУ, 2023, №2 (114), 269-273-б.

УДК 801.8
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-81-87

**Турдубаева Н.Ш.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Турдубаева Н.Ш.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Turdubaeva N.Sh.**
KNU named after J. Balasagun

## ЖЕР АТТАРЫ ТАРЫХТЫН КҮБӨСҮ (КЫТАЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ)
## ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ НАЗВАНИЯ – СВИДЕТЕЛИ ИСТОРИИ (В ИССЛЕДОВАНИЯХ КИТАЙСКИХ КЫРГЫЗОВ)
## PLACE NAMES ARE WITNESSES OF HISTORY (IN STUDIES OF CHINESE KYRGYZ)

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кытайдын Кызылсуу Кыргыз автономиялуу облусунда 200 миңге жакын адам жашаган кыргыздардын конуштарынын аталыштары каралат: Энесай, Тибет, Араник, Үч-Турфан, Ташкоргон, Кашкар, Артыш, Ак-Суу, Каражул, Манас району, Какшаал, Чоң-Инген, Хине. Бул географиялык жерлердин аттары элдик уламыштар менен кандайча салыштырылганы жөнүндө кыскача маалымат берилип, алардын мааниси бүгүнкү күнгө чейин сакталып калгандыгы макалада келтирилген фактылар менен далилденген.

**Аннотация:** В статье исследуются названия населенных пунктов кыргызов, проживающих в Кызылсуйском Кыргызском автономном районе Китая в количестве около 200 тысяч человек: Энесай, Тибет, Араник, Уч-Турфан, Ташкорган, Кашкар, Артыш, Ак-Суу, Каражул, Манасский район, Какшаал, Чон-Инген, Хине. Приведена краткая информация о том, как названия этих географических мест сопоставляются с народными легендами. рассказанными народом, их значение сохранилось и сегодня, о чем свидетельствуют приведенные в статье факты.

**Abstract**: In the mentioned article, in the research written on the names of the places of the Kyrgyz people, who live in Kyzylsuu Kyrgyz Autonomous Region of China, about 200 thousand people, Enesai, Tibet, Aranik, Uch-Turpan, Tashkorgon, Kashkar, Artysh, Ak-Suu, Karazhul, Manas region, Kakshaal, Chon Ingen, Khine. Brief information on how the history of places like